КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 10-июлу №31 Кызыл-Октябрь айылы

**2026-жылдын бюджетине кошумча түшкөн акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө .**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 10-июлундагы кезектеги 16-сессиясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын !7-августундагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндө" №490 токтомуна ылайык, айыл өкмөтүнүн кирешесине Республикалык **максаттуу гранттан** (средство передов.) келип түшкөн кошумча акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы А.Кенебаеванын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Акназаров айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы А.Кенебаеванын аталган маселе боюнча билдирүүсү эске алынсын.

2. Республикалык максаттуу гранттан Маданият,Урмарал, Шадыкан жана Түйтө айылдарына башкы план, топосьемка жасоо үчүн келип түшкөн кошумча акча каражаты **7 378,9 миң** сом айыл өкмөтүнүн бюджетинин төмөнкү бөлүмүнө:

   -Турак жай бөлүмүнүн 2215 статьясына айылдардын башкы пландарын жана топосьемкаларын жасоого төлөнүп берилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн бюджетине (справка уведомление ) аркылуу тактоолорду жүргүзүү милдети айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы А.Кенебаевага жүктөлсүн.

4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасыннын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**